УДК: 378.2(575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-280-285

**СУЛАЙМАНОВА Р.Т., ТӨРӨБАЕВА С.А.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**СУЛАЙМАНОВА Р.Т., ТӨРӨБАЕВА С.А.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**SULAIMANOVA R., TOROBAEVA S.**
KNU Jusup Balasagyn

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН ИНСАНДЫК ДАРАМЕТИН ӨНҮКТҮРҮҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОБЛЕМА КАТАРЫ

# РАЗВИТИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКОГО ПОТЕНЦИАЛА БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ КАК ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ПРОБЛЕМА

# DEVELOPMENT OF THE HUMAN POTENTIAL OF FUTURE TEACHERS AS A PEDAGOGICAL PROBLEM

**Кыскача мүнөздөмө:** ЖОЖдордо болчок мугалимдерди даярдоонун эффективдүүлүгүн жогорулатуу проблемасы азыркы күнгө чейин толук бойдон чечиле элек жана мындан аркы өркүндөтүүнү талап кылат. Болочоктогу педагогдун инсандык дараметин өнүктүрүү зарылдыгы, ошол эле учурда аны өнүктүрүүнүн методдорунун жетиштүү иштелип чыкпаганы бул багыттагы изилдөө, талдоо жүргүзүүгө түрткү болду. Изилдөөнүн максаты катары болочок мугалимдердин инсандык дараметин өнүктүрүүнүн теориялык жана практикалык жагдайын аныктоо саналат. Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер аныкталды: - болочок мугалимдерди даярдоонун педагогикалык теориядагы абалын; инсандык дарамет түшүнүгүн, анын структурасы жана функцияларын аныктоо; - болочок мугалимдерди даярдоонун практикалык маселелерин карoo менен алардын инсандык дараметин өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу. Изилдөөнүн методдору катары: илимий адабияттарга талдоо жүргүзүү, байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү, педагогикалык эксперимент методдору колдонулган.

**Аннотация:** Проблема повышения эффективности подготовки будущих учителей в вузах до сих пор полностью не решена и требует дальнейшего совершенствования. Необходимость развития личностного потенциала будущего педагога и в то же время недостаточная проработка методов его развития побудили к проведению исследований, анализа в данном направлении. Целью исследования является выявление теоретических и практических аспектов развития личностного потенциала будущих педагогов. Для достижения цели исследования определены следующие задачи: - определение состояния подготовки будущих учителей в педагогической теории; определение понятия потенциала личности, его структуры и функций; - разработка педагогических условий развития потенциала личности с учетом практических проблем подготовки будущих учителей. В качестве методов исследования использовались: анализ научной литературы, наблюдение, интервью, методы педагогического эксперимента.

**Abstract:** The problem of improving the effectiveness of the training of future teachers in universities has not yet been fully resolved and requires further improvement. The need to develop the personal potential of a future teacher and, at the same time, insufficient elaboration of methods for its development prompted research and analysis in this direction. The purpose of the research is to identify the theoretical and practical aspects of developing the personal potential of future teachers. To achieve the purpose of the study, the following tasks are defined: - determination of the state of training of future teachers in pedagogical theory; definition of the concept of personal potential, its structure and functions; - development of pedagogical conditions for the development of personal potential, taking into account the practical problems of training future teachers. The following research methods were used: analysis of scientific literature, observation, interviews, methods of pedagogical experiment.

**Негизги сөздөр:** болочок мугалим; мугалим даярдоо; инсандык дарамет; инсандык дараметти өнүктүрүү.

**Ключевые слова:** будущий учитель; подготовка учителей; личностный потенциал; развитие личностного потенциала.

**Keywords:** future teacher; teacher training; personal potential; personal potential development.

Кыргыз Республикасында мамлекетти туруктуу өнүктүрүү максатында масштабдуу концепциялар жана программалар кабыл алынууда. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы Жарлыгы ПЖ № 157 менен бекитилген “Улуттук нарк” программасындагы өзөктүү багыттар катары: нарктуу инсанды тарбиялоо; нарктуу инсандан - нарктуу коомго; нарктуу рухий маданиятты бекемдөө белгиленген [7]. Нарктуу инсанды тарбиялап, аны коомго кошууда үй-бүлөдөн кийинки эң маанилүү роль албетте мугалимге таандык. Бул милдетти аткарууда анын өзүндө нарктуулук, адамдык туура сапаттар сакталган, инсандык дарамети бийик мугалимдерди калыптандыруу маанилүү.

Мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнүн маанилүү компоненттеринин бири – билим берүү системасы. Жогорку кесиптик билим берүүдө бүтүрүүчүлөрдүн адистиги боюнча кесиптик даярдыгы менен бирге инсандык касиеттерди дагы калыптандыруу мезгилдин талабы катары кабыл алынат. Демек, билим берүүнүн мындай системасына бир гана билимди, билгичтикти жана көндүмдү гана трансляциялаган эмес, инсандын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багыт жасаган, өнүктүрүүчү билим берүү кырдаалдарды түзө алган кесипкөй педагог керек.

Педагогдун инсандык дараметин өнүктүрүү маселеси бир гана окуучуну угуп, түшүнүү, сабакта позитивдүү фон түзүү кесиптик зарылчылык менен гана эмес, ошону менен бирге өзүнүн компетенттүүлүгүнө канааттануу, инсандык жана кесиптик өсүүнү баштан өткөрүү менен байланыштуу. Инсандык дараметти өнүктүрүү келечектеги педагогдун психологиялык маданиятын жогорулатуу үчүн өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Инсандык дараметти көбүрөөк интенсивдүү изилдөөнү чет өлкөлүк окумуштуулар жүргүзүп келе жатат (Д.Гоулман, П.Сэловей ж.б.). 90-жылдардан тарта инсандык дараметти орус окумуштуулары да изилдей баштады И.Н.Андреева, Д.В.Люсин, М.А.Манойлова, Г.В.Юсупова ж.б.

Билим берүүдө мугалимдик кадрларды даярдоо маселеси дайыма актуалдуу болуп келген жана боло берет. Педагогикалык кадрларды даярдоо проблемасы көптөгөн окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылган. Жогорку окуу жайларында окутуу процессин өркүндөтүү проблемаларын чечүүгө багытталган көрүнүктүү эмгектерди О.А.Абдулина, Ю.П.Азаров, С.И.Архангельский, З.А.Гришин, А.Г.Ковалев, М.А.Кудайкулов, Н.В.Кузьмина, В.А.Сластенин, Л.Ф.Спирин, А.В.Усова, В.Я.Ляудис, А.И. Щербаков ж.б. белгилесек болот.

Кыргыз Республикасында педагогдун инсандык дараметтин өнүктүрүү маселеси ар түрдүү багыттарда изилденген. Болочок адистерди кесиптик-педагогикалык жактан даярдоо, жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин өркүндөтүү маселелерине Кыргызстандын окумуштуу-педагогдору А.А.Акматкулов, Ш.А.Алиев, А.А.Алимбеков, Н.А.Асипова, Н.А.Ахмедова, Д.Б.Бабаев, Ж.У.Байсалов, И.Б.Бекбоев, М.Джораев, Н.К.Дуйшеева, О.Н.Мааткеримов, Э.Мамбетакунов, А.Мамытов, М.А. Мураталиева, А.С.Раимкулова, М.Р.Рахимова, Е.Е.Син ж.б. орчундуу салым киргизишкен. Ал эми Р.Т. Сулаймановнанын изилдөөсүндө: “Учурдагы коомдун өнүгүшү, ага байланыштуу мектепте билим берүүнүн мазмунунун өзгөрүшү жогорку окуу жайларынын алдына мугалимдерди даярдоо боюнча чоң милдеттерди койду. Кыргыз билим берүү системасын реформалоо, өнүктүрүү процессинин ийгиликтүү жүрүшү көпчүлүк учурда педагогикалык кадрларга, болочок мугалимдерди даярдоо процессине жана алардын коомдук баалуулук багыттарына көз каранды болот. Кыргыз Республикасынын жогорку педагогикалык билим берүүсүнүн негизги милдеттеринин бири катары коомдук турмуштагы ар кандай кырдаалдарга ыңгайлаша алган, азыркы билим берүү практикасын дифференциациялоо жана инновациялаштыруу шартында иштөөгө жөндөмдүү, инсандык дарамети күчтүү болочок педагогдорду даярдоо болуп саналат” [6] деген пикир бекемделет.

**Инсандык дарамет деген эмне?** Биз өз изилдөөбүздө профессор, психология илимдеринин доктору Д.А. Леонтьев тарабынан иштелип чыккан инсандык дарамет (ИД) түшүнүгүнө таянганыбызды белгилеп кетебиз. Инсандык дарамет — бул адамдын өзүнүн кайталангыс ресурстарынын (жөндөмдүүлүктөрдүн, компетенттүүлүктөрдүн, көндүмдөрдүн жана билимдердин) жыйындысын өзүн жана жыйынтыкты башкаруу үчүн, алдын ала аң-сезимдүү коюлган максатка жетүүдө натыйжалуу колдонуу жөндөмдүүлүгү [5].

Универсалдуу, стандарттуу аракеттерге багытталган ресурстар топтомун эмес, өзүнүн

кайталангыс ресурстар жыйындысын башкарууга көңүл буруу — бул азыркы тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө ыкма билимдер менен көндүмдөрдүн өмүр цикли өтө кыска экендиги менен шартталат. Кечээки тажрыйба бүгүн жараксыз же кооптуу болуп калышы мүмкүн, ал эми бүгүнкү тажрыйба — эртең жарабай калышы ыктымал. Ар бир адам күн сайын ар кандай чакырыктарга туш болот жана алар үч түрдүү кырдаалда кездешет:

**1. Белгисиздик кырдаалы** – биз эмне кылуу керек экенин билбейбиз же чечим издеп жатабыз. Өз аракеттерибиздин багытын жана күч-аракетти кайда жумшоону тандай албайбыз. Башкы суроолор: «Мен чындыгында эмнени каалайм?», «Мен үчүн эмне маанилүү?».

**2. Максат коюлган кырдаал** – белгилүү бир максатка жетүү талап кылынат. Башкы суроо: «Кантип мен каалаган нерсеге жете алам? Эмнелер мен үчүн маанилүү?».

**3. Коркунуч же басым кырдаалы** – биз бул абалдан өзүбүздү жоготпостон чыгууга тийишпиз. Башкы суроолор: «Муну кантип жеңем?», «Бул кырдаалга туш болгон мен киммин?», «Бул чындап эле мен каалаган нерсеби?», «Бул абал мага эмнени үйрөтүүдө?».

**Инсандык дарамет** — бул «адамдын индивидуалдуу-психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн интегралдуу системалык мүнөздөмөсү болуп саналат. Ал адамдын өзүнүн турмуштук ишмердүүлүгүндө туруктуу ички критерийлерге таянып, кысымдар менен өзгөрмө тышкы шарттардын фонунда да маанилүү багыттарын сактап, ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун камсыз кыла алуу жөндөмдүүлүгүнүн негизинде иш алып баруу». (Д.А. Леонтьев).

Белгисиздик, максат коюлган жана коркунуч кырдаалдарынын өзгөчөлүгү — аларга жооп берүү үчүн бир гана предметтик билим же универсалдуу компетенциялар жетишсиз. Бул үчүн жеке инсандык иш-аракет керек.

Албетте, акыл-эстин өнүгүшү, ички дүйнөнүн тереңдиги жана мазмундуулугу, кесиптик көндүмдөр жана универсалдуу компетенциялар абдан маанилүү. Бирок ар бир адам бул ресурстарды өзүнүн жашоо-турмушунда өз алдынча пайдалана алат.

«Жөндөмдүүлүктөр маанилүү, бирок жөндөмдүүлүктөрдү колдоно билүү жөндөмү андан да маанилүү», — деп эсептейт инсандык потенциал концепциясынын автору Д.А. Леонтьев. Адам “ресурстук каргыштын” курмандыгы болуп калышы мүмкүн: өзүнүн табигый жөндөмдүүлүктөрүн жана талантын ишке ашыра албай өмүр бою ошол эле бойдон калуусу мүмкүн [5].

Инсандык дарамет — бул жөндөмдүүлүктөрдү жана башка ресурстарды күчөтүүчү же алардын жетишсиздигин толуктоочу күч болуп бере алат. Бул пикир көптөгөн изилдөөлөр менен тастыкталган.

Мисалы, чыгармачылыкты изилдөө учурунда, акыл-эс жана табигый жөндөмдүүлүктөргө караганда, инсандык сапаттар жана мотивация чоң роль ойной турганы аныкталган. Башка бир изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча, өзүн өзү тартипке салуу жөндөмдүүлүгү академиялык ийгиликтерди акыл-эс деңгээлинен да жакшыраак алдын ала айтып бере алат. Мындан тышкары, ал интеллектиге салыштырмалуу жалаң гана туруктуулукту эмес, өзгөрүүлөрдү да алдын ала айта алат.

Ошентип, инсандык дарамет — бул мотивацияны иш-аракетке өткөрүүчү механизм. Бул — адамдын өзүн өзү жакшы башкаруусунун артында турган инсандык өзгөчөлүктөрү. Алар ийгиликке жетүүнү алдын ала айтууга жана зарыл болгон өзгөрүүлөрдү ишке ашырууга жардам берет.

**Болочок мугалимдин инсандык дараметин өнүктүрүүнүн практикалык маселелери.** 2011-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын ЖОЖдору болочок кесип ээлерин даярдоодо бакалавриат жана магистратура эки деңгээлдүү системасын ишке ашырууда. Ушул этапта студенттердин билим деңгээлин жана сапатын жогорулатуунун эң алгылыктуу ыкмасы – компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга негизделген окутуу болуп саналат. Учурдун талабына жараша, жогорку билим берүү тармагы кесиптик компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүү менен катар, болочоктогу мугалимдердин инсандык жана социалдык компетенцияларынын негизги маанилүү компоненти болгон инсандык дараметин өнүктүрүүнү өз ичине камтыйт.

ЖОЖдордогу педагогдордун кесипкөйлүк сапаттары анын окутуп жаткан предметинин мазмунун терең өздөштүрүү менен гана чектелбестен, ошону менен бирге педагогикалык процессте студент жаштардын инсандык дараметин өнүктүрүүнү активдештирип, туура психологиялык-эмоционалдык чөйрөнү түзө билүү жөндөмдүүлүгү менен да мүнөздөлөт. Негизинен окуу процессинде студенттердин интеллектуалдык деңгээли гана өзгөрөт жана өсөт деп саналат. Бирок студенттердин жашоосундагы өзгөрүүлөр алардын мотивациясы жана эмоционалдык-эрк

чөйрөсүнүн өнүгүүсү менен коштолуп турса, анда чыныгы ийгиликтерге жетишүүгө мүмкүндүк көбүрөөк түзүлөт. Анткени мындан, биринчиден, билим алуу процессинде жаңы маалыматтарга ээ болуу менен, жаңы жетишкендиктерге жетүү кубанычы жаралса, экинчиден, студенттердин өздөрүнө карата ишенимдүүлүк жана канааттануу сезимдери артат.

Натыйжада, педагогикалык процесстин натыйжалуулугу студенттин инсандык жана интеллектуалдык өнүгүү чөйрөлөрүнүн бири бири менен өз ара байланышта, гармонияда болушуна байланыштуу экендигин келип чыгат. Билим-тарбия берүү процессине инсандын интеллектуалдык жана жеке инсандык өнүгүү чөйрөлөрү толук айкалышкан учурда гана ийгиликти камсыз кылуу мүмкүн. Ошентип, билим-тарбия процессинин сапаты жана натыйжасы туура уюштурулган инсандык өнүгүү чөйрөсүнө көз каранды болуп саналат.

Педагогика илиминин негиздөөчүсү Я.А. Коменский педагогикалык процесс жагымдуу шарттарда өткөндө гана анын натыйжалуулугу арта тургандыгын белгилеген [4]. Ал “Улуу дидактика” эмгегинде мындай пикирин билдирген: “Окутуу сөзсүз түрдө натыйжага багытталып, аныкталган убакытта жүрүшү керек; бул процесстин убагында окутуучу менен окуучу тынымсыз иштөөсү зарыл жана эң башкысы, окутуу жогорку деңгээлдеги канааттануу сезими менен коштолушу керек” [4, 12-б.]. Демек, мындан окутуучулар үчүн да, окуучулар үчүн да педагогикалык процессте жагымдуу психологиялык-эмоционалдык абалды түзүүнүн мааниси терең.

Болочок мугалимдердин инсандык дараметин өнүктүрүү үчүн маанилүү болгон педагогикалык шарттарды түзүү зарыл. Алардын ичинен эң негизгиси болуп – окутуу процессинде студенттердин инсандык дараметин өнүктүрүүгө багытталган иш-аракеттерди колдонуу эсептелет.

Инсандык дараметти өнүктүрүүнү активдештирүү маселелерин россиялык изилдөөчүлөр 19-20-кылымдарда кеңири изилдөөгө алышкан. Окуу процессинде, көбүнчө, башталгыч класстык куракта инсандык дараметти өнүктүрүү чөйрөсүн активдештирүүнүн жолдорун изилдөөгө И.М. Булатова [2], П.П. Блонский [1], П.Ф. Каптерев [3] сыяктуу окумуштуулар көбүрөөк кайрылышкан. Бул изилдөөчүлөр ой жүгүртүүнү өнүктүрүү максатында эмоционалдык жана рационалдык факторлордун гармониялуу айкалышына өзгөчө маани беришкен.

П.П. Блонскийдин пикири боюнча: "Адамдын эмоциясы канчалык күчтүү болсо, ой жүгүртүү ошончолук жеңил болот жана анын аң-сезимдүү өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Окутуу ишмердүүлүгү, ар бир өтүлгөн сабак билим алуучуларга жакшы маанай тартуулашы керек. Себеби сезимдер аркылуу таанып-билүү күч алып, үйрөнүлүп жаткан маалыматка терең сүңгүп кирүүгө көмөк көрсөтөт. Ал эми кызыгуу акыл аң-сезимди өнүктүрүүгө шарт түзөт" [1].

Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөнкүдй шарттарды жана каражаттарды колдонуу сунушталат:

1. окутуу процессин инсандын жеке өзгөчөлүгүнө багыттоо;
2. сабакта студенттердин кызыгуусун арттырган, чыгармачылыкты өрчүткөн активдүү окутуу усулдарын көп колдонуу;
3. инсандык баалуулуктарды ар тараптуу ишке ашыруучу кырдаалдарды уюштуруу;
4. студенттердин мотивациясын өнүктүрө турган практикалык өз алдынча иштөө тапшырмаларын берүү;
5. билим берүүнүн мазмунунун ар тараптуулугу жана инсандык дараметти өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүсү.

Болочок мугалимдердин инсандык дараметин өнүктүрүүгө багытталган илимий адабияттардын ар тараптуу анализиндөө, жалпылоонун негизинде төмөнкү жыйынтыктар келип чыкты:

1. Инсандык дарамет — бул адамдын өзүнүн кайталангыс ресурстарынын (жөндөмдүүлүктөрдүн, компетенттүүлүктөрдүн, көндүмдөрдүн жана билимдердин) жыйындысын өзүн жана жыйынтыкты башкаруу үчүн, алдын ала аң-сезимдүү коюлган максатка жетүүдө натыйжалуу колдонуу жөндөмдүүлүгү.

Инсандык дарамет үч негизги функцияны аткарат: 1. Белгисиздик кырдаалында өзүн аныктоо функциясы. 2. Максат кырдаалында жетишүү жана ишке ашыруу функциясы. 3. Басым кырдаалында өзүн сактоо функциясы. Ушул үч потенциалдын түзүмү инсандык дараметти өнүктүрүү программасынын негизин түзгөн.

2. Окуу ишмердүүлүгү, студенттин интеллектуалдык чөйрөсүнүн өзгөрүүсү, сөзсүз түрдө психологиялык-эмоционалдык ой-толгонуу менен коштолот. Ошондуктан, окуу процессинин жүрүшү жана анын жыйынтыгы

туура уюштурулган психологиялык-эмоционалдык абалга дагы көз каранды болот.

3. Болочок мугалимдеринин инсандык дараметин өнүктүрүүнүн практикалык аспектисин изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпылоонун негизинде алардын инсандык дараметин өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныкталды.

4. Болочок педагогдордун инсандык дараметин өнүктүрүүнүн негизги каражаты болуп тренинг жүргүзүү саналат. Болочок мугалимдердин инсандык дараметин өнүктүрүү максатын ишке ашыруу үчүн 24 сааттык “Мугалимдин инсандык дараметин өнүктүрүү” аттуу атайын тренингдик программа иштелип чыкты.

Педагогикалык эксперимент 2024-2025-окуу жылында Ж. Баласагын атындагы КУУнун И.Ч.Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун базасында жүргүзүлдү. Эксперименталдык ишке 550700 – “Педагогика” багытынын “Башталгыч билим берүү” профили боюнча биринчи курстун студенттери катышты. Болочок мугалимдердин инсандык дараметин өнүктүрүүнүн өнүктүрүүгө арналып иштелип чыккан тренингдик программа практикага киргизилди. Жалпысынан экспериментке катышкан студенттердин саны 67. Текшерүүчү топто 33 студент, эксперименттик топто 34 студент болду. Тренингдик ыкма менен билим берүү болочок мугалимдердин окууга болгон кызыкчылыктарын арттырды. Тренингдик программанын ар бир темасы боюнча кызуу талкуулар жүргүзүлүп жатты. Жыйынтыгында болочок мугалимдердин инсандык дараметинин бир кыйла өскөндүгү байкалды.

Натыйжада, эксперименттик топко кирген студенттердин билим алууга, инсандык дараметин өнүктүрүүгө карата мамилелери кадыресе өзгөргөндүгү белгилүү болду.

Изилдөөнүн алкагында жогорку окуу жайларында болочоктогу мугалимдерди даярдоодо төмөнкү практикалык сунуштар берилет:

- Бакалавриат системасында натыйжалуу жыйынтык алуу үчүн болочоктогу мугалимдердин инсандык касиеттерин сапаттарын өзгөчө көңүл буруу абзел. Студенттердин инсандык дараметин кесиптик дисциплиналарда дагы жогорулатууга аракет жасоо зарыл.
- Инсандык дараметтин калыптанышынын болочоктогу мугалимдердин практикалык ишмердүүлүгүнө тийгизген таасирин аныктоо боюнча изилдөөлөрдү улантып жүргүзүү керек.

**Колдонулган адабияттар**


1. Блонский, П.П. Избранные педагогические произведения : / П.П.Блонский. – М.: АПН РСФСР, 1961. – 695с.
2. Булатова, И.М. Эмоциональность обучения как условие повышения учебно-познавательной активности студентов : дис. канд. пед. наук. 13.00.01. / И.М.Булатова. – Казань. – 1985. –325с.
3. Каптерев, П.Ф. Дидактические очерки : / П.Ф. Каптерев- Петроград, 1915. – 275с.
4. Коменский, Я.А. Великая дидактика : Изпр. пед. соч./Я.А.Коменский. – М.: Успедгиз, 1955.–446с.
5. Леонтьев Д. Три мишени: личностный потенциал – зачем, что и как? / Д. Леонтьев // Образовательная политика. – 2019. № 3 (79). – С. 10–16. EDN NYPXOL https://cyberleninka.ru/article/n/tri-misheni-lichnostnyy-potentsial-zachem-chto-i-kak
6. Сулайманова Р.Т. Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоо маселесинин теориялык жактан изилдениши. / Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. / Ежеквартальный научно-образовательный и информационный журнал. №4 (108). – Б., 2021. С. 53-58. https://vestnik.knu.kg/wp-content/uploads/2023/01/VKNU2021_4.pdf
7. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы № 157 Улуттук нарк жөнүндө Жарлыгы https://cbd.minjust.gov.kg/430957/edition/1169161/kg


**Рецензент: п.и.д.,профессор Мамбетакунов Э.**